№22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин профсоюздук чогулушунун

**№2 Протоколу**

№ 22 жалпы негизги
билим берүүчү мектеби. 25.07.2019-ж

Жалпы мугалимдин саны: 13

Тех кызматкер: 3

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

2. 2018-2019- окуу жылында мугалимдер жамаатынын жайкы эс алууга барып келүүсү жөнүндө.

Угулду: Мектеп профкому Мирзаходжаева М. сөзгө чыкты.Ал өз сөзүндө төмөндөгүлөргө токтолду: 2018-2019- окууу жылыны жыйынтыктап алдык.Окуучулар экзамендерди ийгиликтүү тапшырып алышты. Мугалимдер жыл бою жакшы иштешти.Шаардык билим берүү бөлүмүнүн профсоюздар уюму тарабынан бөлүнгөн акчага мугалимдер жамааты жайкы эс алууга Кара-Алмага барып эс алып келүүнү сунуштады.

Жарыш сөзгө С.С.Канатова чыгып, М.А.Мирзааходжаеванын сөзүнө кошулам,мугалимдер менен жалпы эс алууга барып келели деп өз сунушун айтты.Мугалимдер жамааты бир добуштан колдошту.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

3. Жайкы эс алууга мектеп жамааты Кара-Алма аймагына барып эс алып келишсин.
4. Уюштуруу №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин кесиптик профсоюз уюмунун төрайымы М.А.Мирзаходжаевага милдеттендирилсин.

**Профсоюз уюмунун төрайымы:** Мирзаходжаева М.А.

**Катчы:** Рахманова Н.С.

№22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин профсоюздук чогулушунун

**№2 Протоколу**

№ 22 жалпы негизги
билим берүүчү мектеби. 27.06.2021-ж

Жалпы мугалимдин саны: 12

Тех кызматкер: 3
Катышкан: 15

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Ысык –Көлгө эс алууга баруу үчүн мугалимди көрсөтүү.

Угулду: профсоюз уюмунун төрайымы М.Мирзаходжаева сөзгө чыгып төмөндөгүлөргө токтолду. Жалал-Абад шаардык билим жана илим кызматкерлеринин Жалал-Абад шаардык профсоюз комитети тарабынан уюштурулган "Ысык-Көл Ала -Тоо" эс алуу пансионатына бир путёвка берилди. Бул путёвканы кимге берели?
Тарбия иштери боюнча директордун орун басары О.Абдулгазиева сөзгө чыгып, эс алып келүү үчүн мектептин дирекетору А.Д. Мамырасулованы көрсөтөм. Бул эжеке биздин мектепке келгенден бери көптөгөн ийгиликтерге жетишти. Мектептин материалдык-техникалык базасын чындоого салым кошту жана көптөгөн өзгөрүштөрдү киргизди. Ошондуктан А.Д. Мамырасулованы Ысык-Көлгө барып эс алып келүү үчүн татыктуу деп эсептейм.

Жарыш сөзгө Д. Усманова чыгып, ал өз сөзүндө О. Абдулгазиеванын айткан сунушуна кошуларын билдирди.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап төмөнкүдөй чечим кылат.

**Чечим:**

1. Жалал-Абад шаардык билим жана илим кызматкерлеринин Жалал-Абад шаардык профсоюз комитети тарабынан берилген путёвка А.Д.Мамырасуловага берилсин.

Профсоюз уюмунун төрайымы: Мирзаходжаева М.А

Катчы: Рахманова Н. С

№ 22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин профсоюз мүчөлөрүнүн чогулушунун

**Токтому №3**

№ 22 жалпы негизги билим
берүүчү мектеби 14.06.2022-ж

Жалпы мугалимдин саны - 14 мугалим
Тех кызматкер - 3
Катышкан - 17

**Кун тартибинде каралуучу маселе:**

1. 2021-2022- окуу жылында мугалимдер жамаатынын жайкы эс алууга барып келүүсү жөнүндө.

Угулду: Мектеп тарбия иштери боюнча директордун орун басары О.С.Абдулгазиева сөзгө чыкты.Ал өз сөзүндө төмөндөгүлөргө токтолду: 2021-2022- окууу жылыны жыйынтыктап алдык.Мугалимдер жамааты жайкы эс алууга "Арстанбаб" аймагына барып эс алып келүүнү сунуштады.

Жарыш сөзгө С.С.Канатова чыгып, О.С.Абдулгазиеванын сөзүнө кошулам,мугалимдер менен жалпы эс алууга барып келейли деп өз сунушун айтты.Мугалимдер жамааты бир добуштан колдошту.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Жайкы эс алууга мектеп жамааты " Арстанбаб" аймагына барып эс алып келишсин.
2. Уюштуруу №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин кесиптик профсоюз уюмунун төрайымы М.А.Мирзаходжаевага милдеттендирилсин.

**Профсоюз уюмунун төрайымы:** **Мирзаходжаева М.А.**

**Катчы :** **Ибайдуллаева С.**

Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү
мектеби-мекемесинин педагогикалык кеңеши менен кесиптик кошунунун
биргелешкен чогулушунун
№6 протоколу

"24" "02" 2023-жыл.

Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн саны: 13
катышты: 11

Күн тартибиндеги маселе:
Жалал-Абад шаардык мэриясынын Ардак грамотасына талапкерди сунуштоо.

**Угулду: Сыдыков А.Ж мектеп директору**

Ал өз сөзүндө 2022-2023-окуу жылында мектеп жамааты окуу тарбия иштеринде жогорку ийгиликтерге жетишип жатканын айтты. Педагогикалык жамааттын ичинен математика мугалими Орозалиева Самара Манасовнаны Жалал-Абад шаардык мэриясынын Ардак грамотасына көрсөтүп жаткандыгын билдирди.

**Угулду: Канатова С.С. окуу бөлүмүнүн башчысы**

Ал өз сөзүндө Орозалиева С.М ийгиликтерине токтолуп мугалимге мүнөздөмө берди. Орозалиева О.С мектепте эмгегин баштагандан бери окуучуларды физика,математика сабагына кызыктырып,сабактарында жаңы стандартты колдонуп сабактарды өтөт. Жалпы 6 жылдык педогогикалык кесибинде өзүнүн билимдүү, аткаруучулук жөндөмдүүлүгү жогору, талапты туура койгон, изденүүчүлүк менен иштеп өз билимин өркүндөтүү жагына көңүл буруусу менен өзгөчөлөнүп турат. Окуучуларга билим-тарбия берүүдө жаңы интерактивдүү усулдарды колдонуп, окуучуларды сабакка болгон кызыгуусун артырат. Окуучулары 5-6-класстар арасындагы шаардык олимпиададан 3-орунду ээледи, ошондой эле ар түрдүү онлайн олимпиадаларга окуучуларды активдүү катыштырып келет.Окуучулар менен жакшы тил табышып эмгектенет.Өз кесибин сүйгөн мугалим.
Канатова С.С. сөзүн жыйындыктап Жалал-Абад шаардык мэриясынын ардак

грамотасына көрсөтүлүүчү Орозалиева О.С талапкерлигин көрсөтү.

Сөзгө чыкты: Мирзаходжаева М.А профзоюз уюмунун төрайымы.
Жогорудагы мугалимдин аткарган иштерин эске алып С.С.Канатованын сунушун колдоорун айтты.
Сөзгө чыкты: Усманова Д.Т методист Орозалиева О.С. мектепге келгенден баштап өзүн абдан аракетчил кесип сүйгөн жана жоопкерчиликтүү мугалим катары көрсөтө алган.Орозалиева О.С ар бир сабагын интерактивдүү методдорду пайдалануу менен билим берүү аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштей билет.Мен методист катары жогорудагы чыгып сүйлөгөндөрдүн сунушун колдоп, Орозалиеваны көрсөтүлүп жаткан сыйлыкка татыктуу деп ойлоймун.
Жогорудагы чыгып сүйлөгөндөрдүн сөзүн угуп жана талкуулап педагогикалык кеңештин жана мектептин кесиптик кошунун биргелешкен чогулушу

Чечим кылат.

1.Физика,математика мугалими Орозалиева Самара Манасовна Жалал-Абад шаардык мэриясынын ардак грамотасына көрсөтүлсүн.
2. Шаардык билим берүү бөлүмүнөн ушул токтомду бекитип беришин суранат.

Чогулуштун төрагасы: ____________________ Сыдыков А.Ж

Мектептин кесиптик
кошунун төрайымы; ____________________ Мирзаходжаева М.А